КР УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д. 07.23.674 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.к., доцент Р. Жолдошов тарабынан даярдалган **Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илиминин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган кол жазмасына берген

КОРУТУНДУСУ:

1. **07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Изилденүүчү **Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде”** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине ылайык жана диссертациялык кеңештин багытына туура келет.

**Илимий иштин актуалдуулугу.** Өткөн мезгилдерде тарых жана этнография илиминде терең изилденбей келген илимий ургаалдуу маселелердин бири – Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылуучу ыйык жерлер болуп саналат.

Зыярат же жергиликтүү калктын ыйык жерлерге сыйынуу институту, ислам динине, өзгөчө исламдын ичиндеги суфизм агымы аркалуу синкретизмге өткөндүгү, өтө аз изилденген илимий проблемалардын бири болуп саналат. Исламга чейин пайда болгон мазарларды (ыйык жер, жайларды) урматтап, зыярат -жасоо ортодоксалдуу мусулмандардын жектөөсүнө, каршы жасаган аракеттерине карабастан, азыркы коомдо деле диний көрүнүш,

№ 07.23.674
Вх. № 2024/6 от 13.05.24
Уч. секр.

кубулуштун өзгөчө бир туру катары кыргыздардын гана эмес, жалпы Борбордук Азия чөлкөмүнүн мусулман калкынын руханий маданиятынын бир бөлүгү катары жашап келе жатат. Мына ушундай татаал маселенин илимий жактан иликтеп чыгуу диссертациялык иштин актуалдуулугун аныктайт.

**2. Изилдөөнүн негизги максаты** Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, адамдардын аң-сезимдериндеги ыйык жайлар катары эсептелген жайлардын диний-философиялык түшүнүктөрдөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген ордун изилдөө болуп эсептелет. Аталган максат **негизги милдеттерди** аныктайт:

- изилденүүчү проблеманын тарыхнаамасын жана булактык базасын аныктап ачып берүү;
- Фергана өрөөнүндө (Кыргызстандын территориясындагы эстеликтер) жана ага чектеш жайгашкан чөлкөмдөрдөгү зыярат жасоочу жайлардын тарыхый-этнографиялык жана археологиялык эстеликтер катары илимий маанилерин ачып берүү;
- ыйык жайларга зыярат жасоонун жана табынуунун келип чыгышын, “чоң зыярат” жана “кичи зыярат” түшүнүктөрүн чечмелөө;
- салттуу ислам жана табынуучу жайлардын ортосундагы жалпылыктар менен карама-каршылыктарды ачып берүү;
- табынуучу ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин доорунда жүргүзүлгөн атеисттик саясатынын соңунан кийинки абалына баа берүү;
- Кыргызстандын этномаданий мейкиндигинде зыяраттын функционалдык жүгүн аныктоо; этнографиялык илимий адабияттарда көңүл бурулбаган зыяраттын өнүгүүсүнүн кайра куруу жана постсоветтик мезгилдериндеги абалына, жергиликтүү калктын жасаган мамилесине анализ жасоо;
- олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо жүрүмүндө аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү изилдөө;

- аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын өзгөчүлүктөрүн ачып берүү;
- суунун (булактардын) культун, тоо-таштарга (обоо таштар), үңкүрлөргө ж.б. табынууларды изилдөө;

**Биринчи бөлүм "Изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактары. Теориялык жана усулдук негиздери"** деп аталат. **Биринчи параграф** "Изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактык базасы». Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан зыярат мазарлары, ыйык жерлер жана алар менен байланышкан ырым-жырым, жөрөлгө, үрп-адаттар каралган. Мазарлардын курамына кирген көптөгөн кылымдар бою Кыргызстандын түштүгүнүн тургундары сыйынып келген күмбөздөр, суу булактары, ыйык тоолор, таштар жана үңкүрлөр сыяктуу объектилер дагы изилдеген.

**"Чыгыш тарыхый жазма булактары кыргыздардын диний-философиялык түшүнүктөрү жөнүндө» аттуу үчүнчү параграфта** Кыргыздардын диний ишенимдери, каада-салт, үрп адаттары жана жөрөлгөлөрү чыгыш авторлорунун изилдөөлөрүн да чагылдырган. Байыркы жана орто кылымдардагы кытай тилдүү жазма жыл баяндарында эзелки көчмөндөр, анын ичинен хуннулар (сюнну), дунху (сяньби), кыргыздар ж.б. уруулар, элдер тууралу маалыматтар чагылдырыла баштаган. Жогорудагы байыркы мезгилдерде жаралган жазма булактардан келтирилген маалыматтардын үзүндү шилтемелеринде ыйык жер, мазарлар, зыярат түшүнүктөрү, терминдери жолукпаганы менен мааниси жагынан алганда, логикалуу ой жүгүртүүнүн негизинде сөз Көк Теңир (асман), жер, суу ж.б. жаратылыштын зат, кубулуштары, ошондой эле аларга арнап курмандык чалуу сыяктуу жөрөлгөлөрдү жасоонун биз изилдеп жаткан темага түздөн-түз тиешеси бар.

**"Россия империясы: Кыргызстандагы ыйык жайларды, белгилүү мазарларды изилдөөнүн тарыхнаамасы жана булактары (1876-1918)"- деген аталыштагы төртүнчү параграфта** Кыргызстандын түштүгүндөгү жайгашкан мазарлар жана зыярат кылуучу жайлардын коомго тийгизген

таасири ж.б. маселелери тууралу мурдагы советтик жана ата мекендик илимпоздордун жасаган эмгектерин белгилеген.

**«Ыйык жайлардын, мазарларды изилдөөнүн Совет доорундагы тарыхнаамасынан (1918-1991 жж.)» деген аталыштагы бешинчи параграфта** Совет мезгилиндеги Кыргызстандагы мазарлар жөнүндөгү эң алгачкы маалыматты 1924-ж. Э. К. Беттер берген. Орус географиялык коомунун Түркстан бөлүмүнүн басылмасында ал Клыч-Бурхан-эд-дин-Өзгөни жөнүндөгү уламыштын вариантын келтирген.

Бул багытты илимий жактан өнүктүрүү биздин доордо өзгөчө актуалдуу. Совет бийлигинин жылдарында калыптанып калган идеологиялык негиздер менен концепциялардын катаал кишенинен бошонуп, бүгүнкү күндө биз ыйык жерлерге байланышкан маселелерди түшүнүү жана объективдүү талкуулоо зарылдыгын көрсөткөн.

**«Постсоветтик доордогу изилдөөлөрдүн абалы (1991-2023 жж)»-аталган алтынчы параграфта** Ыйык жерлерге зыяратчылык жана ага байланган ырым-жырымдар постсоветтик мезгилинде да уланып келет. О. В. Горшунованын 1989-1993-жылдардагы Борбордук Азиядагы экспедициялык иштеринде чогулткан талаа материалдарына негизделип жазылган эмгектери аялдардын зыяратынын өзгөчөлүктөрүн жана . В. Л. Огудин изилдөөлөрүн ыйык жерлерди жана өзгөчө ыйык тоолорду, үңкүрлөрдү изилдеген маалыматтарды камтыган.

Диссертациялык иштеги **экннчи бөлүм “Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайлардын классификациясы. Зыяраттын каада-салттары жана жөрөлгөлөрү” деп аталат.** “Зыярат кылуучу жайлардын жайгашуу ареалы, классификациясы жана сүрөттөлүшү” аттуу **биринчи параграфында** зыярат кылуучу жайлардын классификациясы жөнүндө маалыматтар каралган. Мисалы: А. К. Муминов, этнограф О. В. Горшуноналардын мазарлардын классификациясы боюнча маалыматтары камтылган. Ыйык жерлердин сырткы көрүнүштөрүн сүрөттөп жатып, аларды жакшыртууда оң көрүнүштөр байкалганын, бирок бул иште

заманбап атайын коездоп, курулуш каражаттары пайдаланылып жаткандыгын жана мындай иштерге болгон зыяратчылардын пикири эки ача же карама-каршы тыянактар бардыгын, б.а. зыяраттын ыйыктыгы менен туристтик талаптарынын ортосундагы тең салмактуулукту сактоонун зарылдыгы керек экендигин белгилеген.

**Экинчи бөлүмдүн экинчи параграфы** "Ыйык жайларга зыярат кылуунун жана табынуунун келип чыгышы. Зыярат түшүнүгү " деп аталат. Элдик ислам ишениминде ыйык жерлерди – мазарларды аздектөө Борбордук Азия мусулмандарынын диний жашоосунун мүнөздүү көрүнүштөрүнүн бири болуп саналат. Бирок зыярат өнүгүп жайыла баштаганда эле исламдын көптөгөн белгилүү инсандарынын мүрзөлөрү системалуу түрдө кайталанып, көбөйүп зыяратчылардын башын айлантып, зыярат институтуна болгон ишенимди кетирип жатканы байкалган. **«Ыйык жайлар жана алардын сакчы, чыракчылары" деп аталган үчүнчү параграфта** Кыргызстандын мазарларына бүтүндөй көз караштa болуу үчүн жергиликтүү зыяратка мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири болгон шейхтиктин коомдук институту жөнүндө жана салт боюнча пайгамбардын урпактары, тукумдары жана башка мусулман олуяларынын урпактары маалымат камтылган.

**"Мазар басуудагы аткарылган ырым-жырым, жөрөлгөлөр"-** деген аталыштагы **төртүнчү параграфта** Мазарларга зыяратка баруу, эреже катары, элдин жана коомдун жашоосундагы орчундуу окуяларга байланыштуу болгондуктан, адамдар ага алдын ала кам көрүп даярданышканын жана зыяратка бараар күнү мусулман адамдар алгач намаз (дуба) окуп, сөзсүз түрдө даарат алышы зарылдыгын, мазарларга шакирттери, кардарлары менен бирге же жеке зыярат кылган кесипкөй зыяратчылар ыйык жерлерде арбактар менен түздөн-түз байланыш түзүүгө багытталган атайын ырымдарды жасап, дарылап, жомок, дастан, уламыш, баяндарды айтышып же келечекти да алдын ала айтышып чоң үмүт кылышкандыгын белгилеген.

**Үчүнчү бөлүм “Зыярат феномени жана ислам дини. Зыярат институтунун коомдогу орду, ролу жана функционалдык жүгү”** деп аталат. “Совет бийлигинин атеисттик саясатынын шарттарындагы ыйык жайлар жана мазарларга зыярат жасоонун абалы” аттуу **биринчи параграфта** Совет бийлиги орногондон кийинки алгачкы күндөрүнөн тартып эле коммунисттик партиянын динге карата программалык талаптары турмушка ашырыла баштаганын оң мааниде айтканда калктарынын алдыга умтулуп, билим, илим, маданиятты өнүктүрүүсү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөнүн изилдеген.

**“Тоо-таштарга, үңкүрлөргө ж.б. табынуу**” аттуу **экинчи параграфта** Фергана өрөөнүндөгү ыйык жерлерди, анын ичинде үңкүрлөрдү изилдеген белгилүү окумуштуу В. Л. Огудин башка үңкүрлөрдөн бөлүп Чил-Устун үңкүрүн өзгөчө жогору баалаган жана ага атайын көлөмдүү, мазмундуу илимий макаласын арнаган. Изденүүчү ал жерге изилдеп барып жергиликтүү элдердин пикирлерин изилдеген. Бул болсо ыйык үңкүрдү келечек муундарга элибиздин руханий маданиятынын эстелиги, байлыгы катары сактоого өбөлгө болот деп белгилеген.

**“Суу булактарынын культу”** тууралуу илимий маселе **үчүнчү параграфта** изилденет. Бул бөлүмдө Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган калктын ал жакта жайгашкан ыйык жерлерге, өзгөчө суу булактарына зыярат жасоосу адам баласынын жашоосун суусуз элестетүү эч мүмкүн эмес. Суунун канчалык деңгээлде баалуу, өтө зарыл нерсе, зат экендиги кыргыз жергесинде катталган ыйык жер, мазарлардын дээрлик басымдуу көпчүлүгүнүн түрү – булак, суу, көлдөр менен байланыштуулугун да баса белгилеп өзгөчө салмактуу далил катары баяндаган.

**“Сулайман-Тоо, Дулдул-Ата, Чил-Устун, Абшыр-Сай ж.б. сыйынуу жайлары”** деп аталган **тортүнчу параграфта** Кыргызстандын аймагындагы бир эле тоодо бир нече ыйык деп эсептелген үңкүрлөрү жана башка сыйынып зыярат кылуучу жайлары бар Сулайман-Тоону баса белгилеп кетүүгө болот. Сулайман-Тоону ар кайсы мезгилдерде изилдеп, чоң

салым кошкон окумуштуулардын бири атактуу чыгыш таануучу академик В. В. Бартольд болгон. Ошондой эле, А. Н. Бернштам Сулайман-Тоонун чыгыш чокусунда жайгашкан мечиттин да талаа изилдөөсүн жүргүзүп, анын чиймесин, планын, өлчөөсүнүн жыйынтыгын китебинде жазып калтыргандыгын чагылдырып берген.

“**Аялдардын ыйык жайларга зыярат кылуусу жана анын өзгөчөлүктөрү” аттуу бешинчи параграфта** Аялдардын адамзаттын тарыхында кандай роль ойногондугу, алардын турмуштагы орду ар бир элдин билим деңгээлине, этикалык-нравалык баалуулуктарына жараша бааланып, өзүнүн татыктуу баасын алып келет. Дүйнөлүк тарых барактарынан адамзаттын басып өткөн жолуна кылчайып карап, сый-урматка ээ болушканын байкоого болот. Жаш кыз-келиндердин, балдардын дагы коргоочусу. Адамдарды, өлүмдөн арачалап, оруу-сыркоодон арылтып айыктыруучу мээрбан эне. Дагы бир биз байкаган нерсе ыйык жер, мазарларга зыярат кылгандардын дээрлик басымдуу көпчүлүк бөлүгүн кыз-келин, аялдар түзгөндүгү анык. **“Зыярат - салттуу исламдын көз карашынан алганда” деген аталыштагы алтынчы параграфта** Дүйнөлүк диндер, анын ичинде ислам аркылуу руханий ааламдашуунун арааны катуу жүрүп жатканда, бүгүнкү күндө динге ишенген жарандардын аң-сезиминде пайда болуп жаткан бул конфликт дагы эле чечиле элек, ушуга байланыштуу бул бөлүмдө зыярат феноменинин жактоочуларынын да, ага каршы чыккандардын да позицияларын карап чыгуу, зыярат диний феноменине каршы күрөш кандайча жүргөнүн, ошондой эле зыярат феноменинин негизги этаптарына байкоо жүргүзүүнүн зарылчылыгы бар экендигин белгилеген.

**Корутундуда** диссертациядагы иликтенген маселелерге тыянактар сунушталган:

- Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын зыярат жасоочу жайларга болгон мамилесин, ыйык деп эсептелген жайлардын диний-философиялык түшүнүктөрүндөгү жана табынуунун күндөлүк жашоо турмушундагы ээлеген орду боюнча атайын илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- Кыргызстандын түштүгүндөгү же Фергана өрөөнүндөгү табынуучу ыйык жайлардын, мазарлардын, булактардын реестрин түзүү, картасын иштеп чыгуу;
- Сулайман-Тоо (Ош шаары), Дул-Дул-Ат, Чил-Устун үңкүрлөрү (Араван району), Абшыр-Сай (Ноокат району), Сафид-Булан, Шах-Фазил (Ала-Бука району) мазарлары, Котур-Булак (Араван району), Мазар-Булак (Өзгөн району), Азирети-Аюб (Жалал-Абад шаары) ж.б. тарыхый-этнографиялык, археологиялык обьектилер Кыргыз Республикасындагы туризмди өнүктүрүү багытында потенциалдары чоң экендигин жарыялоо;
- олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо процессинде аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү чагылдырган илимий-популярдуу кино тасмаларды даярдоо;
- бүбү-бакшылар жетектеген аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын спецификалык өзгөчүлүктөрүн чагылдырган тарыхый илимий булак катары пайдалануу.

А.Г. Айтиеванын диссертациялык изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улануучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

А.Г. Айтиеванын диссертациялык изилдөөсү этнография илиминде көп аспектилүү, системалуу изилдөөгө алына элек маселе катары илимий иликтөөгө багытталган. Диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору, бүтүмдөрү кеңири алкактагы илимий изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк, тажрыйбалык мааниге ээ.

**4. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар илимий- тажрыйбалык конференцияларда окулган баяндамаларда апробацияланып, КР ЖАКнын тизмесине кирген же

индекстелген системаларга кирген басылмаларда диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн илимий макалаларда чагылдырылган.

**5. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине шайкеш келет. Авторефератка коюлуучу талаптар сакталган.

**6. Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кезиккен айрым мүчүлүштүктөр**

Диссертациянын жана автореферattтын мазмунунда, жасалгаланышында орун алган төмөнкүдөй айрым жагдайлар боюнча сын-пикир, сунуш айтууга болот.

1.Диссертациялык иштин практикалык сунуштарында диний конфликттерди жоюунун жолдоруна кененирээк токтолууну сунуштайбыз;

2. Теориялык бөлүгүндө зыяраттын келип чыгышы тууралуу теорияны кеңейтип жана алардын исламдашуусунда суфизмдин ойногон ролун тереңдетип изилдөөгө алуу;

3. Диссертаңиялык иштеги терминдерге көңүл буруу, мисалы зыяратты ислам дининдеги “кичи ажылык” (умра) менен бирдей атоого болбостугу жана “чоң зыярат” - катары Мекке шаарына болгон ажылык сапарды “зыяраттардын ” катарына кошуп кароо артык баш катары көрүнөт. “Ажылык” сапар бул ислам дининин атрибуттарынын бири. “Ажылык” ар кандай ырым-жырымдарга карабастан, дүйнө жүзүндөгү бардык мусулмандар аткаруучу жөрөлгө (фарз).

4. Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

Бул сунуштар иштин теориялык жана илимий-тажрыйбалык маанисин эч кандай төмөндөтпөйт жана диссертант 07.00.07 – этнология, этнография жана антропология боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасына татыктуу.

**7. Жетектөөчү мекеме, расмий оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчу мекеме:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Э. Уметов атындагы педагогикалык факультетинин тарых кафедрасы.

**Расмий оппоненттерге:**

1.Жоошбекова Айнагул Рысбаевна – т. и.д., профессор

2. Исаева Анара Асанбековна – т.и.к., и.о. доцент

**Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгып КР УИАнын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы Д. 07.23.674 диссертациялык кеңешине ачык коргоо үчүн кабыл алууну сунуштайт.

**8. Диссертациянын КР ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун» талаптарына ылайык келиши.**

Жогорудагы аталган айрым кемчиликтердин болгонуна карабастан, **Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын “Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалдарынын негизинде)»** аттуу темадагы диссертациялык ишинин структурасы, мазмуну, илимий жаңылыгы, изилдөөнүн негизинде алынган корутундулары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку Аттестациялык

Комиссиянын талаптарына жооп берет жана 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептөөгө болот.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү
Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетиндеги
Европа жана Америка өлкөлөрүнүн
тарыхы кафедрасынын доценти, т. и. к. Р. Жолдошов

13.05.2024

Р. Жолдошовдун колун тастыктаймын
Кадр башчысы [illegible] Шамшиекова А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ